КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

07.07.2023 ж. № 69/XXII – 1

## Кайыңды шаарынын жергиликтүү коомчулугунун Уставын бекитүү жөнүндө

Жарандардын жана коноктордун иштөөсү, эс алуусу жана жашоосу үчүн татыктуу шарттарды түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, башка мыйзамдык жана ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алуу менен шаарды өнүктүрүү, жергиликтүү коомчулуктун жана анын органдарын башкаруунун өнүгүшүнө жана көз карандысыздыгына көмөк көрсөтүү максатында.

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кайыңды шаарынын мэриясынын жергиликтүү коомчулугунун Уставын бекитүү жөнүндө" катын карап чыгып, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1. Кайыңды шаарынын жергиликтүү коомчулугунун Уставы бекитилсин.
2. Кайыңды шаарынын мэриясы Кайыңды шаарынын жергиликтүү коомчулугунун Уставын юстиция органдарынан каттоодон өткөрсүн.
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй - Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Э.Т. Иманкулов